“**Ысык-Көлүм**”

**Сөзү:** Байтемиров Жылдызбек

**Обону:** Байтемиров Жылдызбек

Ысык-Көлүм пейлиң кенен, тоо койнунда төрөлгөм,

Толукшуйсуң күмүш түскө, бермет түскө бөлөнгөн.

Бир кумарым таркабады, таркабады өзүңдөн.

Кучак жайып толкунуңа кетким келбейт жээгиңден.

Кайырма:

Ырыс, бакыт көл жээгинде,

Күлкү, шаттык, жаштык той.

Сен экенсиң кыргызыма,

Жалгыз бүткөн бейиш жай.

Ысык-Көлүм ырдын кени, канча акын ырдаган,

Кылым жолдо өткөндөргө кимди куштар кылбаган.

Күн тийгенде толкундарың күмүш нурун чагылтып

Көркөмүңдү ар күн сайын алмаштырам жаңыртып